**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №1**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз III сессиясы**

**5-июнь 2026-жыл** **Ноокат шаары**

**Ноокат шаарынын Жергиликтүү жамаатынын Уставын бекитүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Ноокат шаарынын Жергиликтүү жамаатынын Уставын бекитүүгө макулдук берүү жөнүндө, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине таянып, Ноокат шаардык кенешинин Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын берген корутундусуна ылайык, Ноокат шаардык кенешинин отуруму **т о к т о м к ы л а т :**

1.Ноокат шаарынын жергиликтүү жамаатынын Уставын бекитүүгө макулдук берилсин

**2**.Ушул токтомду массалык маалымат каражаттарында жарыяласын жана Кыргыз Республикасынын укуктук нормативдик актылар реестрине киргизүү үчүн Ош облустук юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн

**3.**Ушул токтом Ноокат шаардык кеңешинин расмий веб-сайтына жарыялансын.

**4**.Шаардык кеңешинин токтому ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

**5**.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**6**.Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №2**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз III сессиясы**

**5-июнь 2026-жыл** **Ноокат шаары**

**Ноокат шаар аймагында жыл сайын**
**“Органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн” белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жыл 11-февралындагы №40 Жарлыгын аткаруу, шаар аймагында экологиялык таза органикалык өндүрүштү өнүктүрүү, курчап турган чөйрөнү коргоо, калктын дени сак тамактануусун камсыздоо жана жашыл экономика принциптерин жайылтуу максатында - Ноокат шаар аймагында жыл сайын “Органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн” белгилөө үчүн, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине таянып, Ноокат шаардык кенешинин Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын берген корутундусуна ылайык, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму **т о к т о м к ы л а т:**

**1**. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жыл 11-февралындагы №40 Жарлыгы жетекчиликке жана аткарууга алынсын жана шаар аймагында жыл сайын Органикалык айыл чарбанын улуттук күнү расмий түрдө белгиленсин.

**2**.Ноокат шаар мэриясына төмөндөгү иш-чараларды туруктуу негизде уюштуруу тапшырылсын:

- Жыл сайын Органикалык айыл чарба күнүнө карата жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн, фермерлердин экологиялык таза продукцияларынын шаардык көргөзмө-жарманкесин өткөрүү;
- Калк арасында органикалык продукциялардын маанилүүлүгү жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча маалыматтык-түшүндүрүү кампанияларын, семинарларды жана "тегерек үстөлдөрдү" уюштуруу;
- Билим берүү мекемелеринде дени сак тамактануу жана экологиялык маданиятты калыптандыруу боюнча атайын ачык сааттарды өткөрүү.
- Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо үчүн иш-чаралар планы бекитилсин жана аны каржылоо жергиликтүү бюджеттин эсебинен тиешелүү беренелер боюнча каралсын.

**3**.Ушул токтом Ноокат шаардык кеңешинин расмий веб-сайтына жарыялансын.

**4**.Шаардык кеңешинин токтому ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

**5**.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**6**.Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелр жана энергетика боюнча туруктуу туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №3**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз III сессиясы**

**5-июнь 2026-жыл** **Ноокат шаары**

**Ноокат шаар аймагындагы көчөлөрдүн реконструкциялоо иштерин баштоо үчүн авариялык абалдагы жана инженердик инфраструктурага зыян келтирип жаткан дарактартарды алып салууга макулдук берүү жөнүндө**

Ноокат шаар аймагындагы Ленин жана А.Лутфуллаев көчөлөрүнүн реконструкциялоо иштерин баштоо үчүн авариялык абалдагы жана инженердик инфраструктурага зыян келтирип жаткан дарактартарды алып салууга (кесип), ошондой эле жарандардын коопсуздугун камсыздоо максатында, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине таянып жана экологиялык ченемдик укуктук актыларга ылайык, Ноокат шаардык кенешинин Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын берген корутундусуна ылайык, Ноокат шаардык кенешинин отуруму **т о к т о м к ы л а т :**

**1.** Ноокат шаар аймагындагы Ленин жана А.Лутфуллаев көчөлөрүн реконструкциялоо долбоорунун алкагында, атайын түзүлгөн комиссиянын текшерүү актысынын негизинде, авариялык абалдагы, куурап калган жана инженердик инфраструктурага (коммуникацияларга) олуттуу зыян келтирип жаткан бак-дарактарды алып (кесип) салууга макулдук берилсин.

**2.**Ноокат шаар мэриясынын алдындагы Муниципиалдык менчик департаментине төмөнкүлөр милдеттендирилсин:

-Бак-дарактарды кесүү (алып салуу) иштерин коопсуз эрежелерин так сактоо менен өз убагында жүргүзүү

-Кыюу иштери жүрүп жаткан жерлерде жөө жүргүнчүлөр жана автоунаалар үчүн коопсуздук белгилерин орнотуу;

- Ноокат шаар мэриясынын алдындагы Муниципиалдык менчик департаментине реконструкциялоо жана жашылдандыруу планынын алкагында, кыйылган дарактардын ордуна күз-жаз айларында компенсациялык тартипте жаңы көчөттөрдү отургузуу долбоорун иштеп чыксын жана актарылышын көзөмөлдөсүн.

**3**.Ушул токтом Ноокат шаардык кеңешинин расмий веб-сайтына жарыялансын.

**4**.Шаардык кеңешинин токтому ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

**5.**Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**6**.Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**